**Бекитилди»**
Кафедранын 201___-ж “___” ________
жыйынынын №________протоколунда.
Каф. Башч . _____________

**«Макулдашылды»**

Фак-н ОМК-төрагасы:____________

Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинин “Сүрөт, чийүү жана эмгек” кафедрасы

«Рисунок (студия) » дисциплинасы боюнча 570400 дизайн багытында окуган күндүзгү окуу бөлүмүнүн студенттеринин өз алдынча иштөөсү үчүн **тапшырмалар** жана методикалык **кеңештер**

Түзгөн: кафедранын доценти, п.и.к. Ысмайылов Мухтар Зулпукарович

Ош-2019

Рисунок (студия ) сабагы боюнча студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн **тапшырмалар** жана методикалык **кеңештер**

## Тема№1.1.

Көркөм сабаттуулуктун негиздерин окуп үйрөнүү. Түрдүү геометриялык формадагы заттар топтомдорунан шилтемдерди жасап көнүгүү.

1.А-3 форматына геометриялык формадагы заттар топтомунун көп сандагы шилтемдерин жасап үйрөнгүлө жана аны жаңы портфолиоңорго жайгаштыргыла; *(портфолио - өз эмгегин өзү сыйлоо, студенттин чыгармачылык процессиндеги ийгиликтүү эмгектерин сактоо үчүн даярдалган портфель)*

2.Көркөм сабаттуулук жана көркөм сүрөт өнөрүнүн каражаттары (калем, формат ж.б.) жөнүндө реферат даярдагыла. *Рефераттын **пllаны:***

*1.Көркөм сүрөт өнөрү жана анын түрлөрү, жанрлары;*

*2.Сүрөт (рисунок) жана анын дизайнердик билим алуудагы мааниси;*

*3.Көркөм сабаттуулуктун негиздери – сүрөт тартууга үйрөнүүнүн эң жөнөкөй ыкмалары, техникалары;*

*4. Сүрөт (рисунок) сабагында колдонулуучу каражаттар (калем, формат ж.б.)* .

## Тема№1.2.

Гипстен жасалган геометриялык формалардын сүрөттөрүн натурадан тартуу.(куб, цилиндр, шар, пирамида, призма, конус ж.б.)

1. Натурадан куб, цилиндр, шар, пирамида, призма, конус ж.б.у.с. геометрииялык формалалардан турган тиричилик буюмдарынын сүрөттөрүн тарткыла; *1.Геометриялык формалардын сүрөттөрүн тартып үйрөнүү жана алардын формаларына ой жүгүртүү болочок дизайнер үчүн, анын кесиптик потенциялына зор өбөлгө болот.*

*2. Геометриялык формаларды иштөө процессинде жашоодогу түрдүү буюмдардын негизинде жаткан формаларды элестеткиле жана аларга салыштырмалуу анализ жасагыла.*

*3.Геометриялык формалардын сүрөттөрүн тартууда мыйзам ченемдүү ырааттуу этаптар менен иштегиле*

2.Шилтемдерди көп иштеп колду, көздү көнүктүргүлө.

## Тема№1.3.

Фронталдык перспективадан көлөмдүү заттардын сүрөтүн натурадан тартуу.(геометриялык формадагы тиричилик буюмдары)

1.Сырткы түзүлүшү ар түрдүү (геометриялык) формадагы тиричилик буюмдарынын сүрөттөрүн тарткыла.

*1.Натуралык турпаттын констуктивдүү түзүлүшүнө байкоо жүргүзгүлө.*

*2.Кагаз бетинде заттын сүрөтүнүн пропорцияларын фронталдык перспектива аркылуу аныктагыла*

*3.Сүрөттү тартууда аба перспективасын эстен чыгарып койбогула*

2.Сүрөттү тартууда буюмдардын пропорцияларын так аныктоого өзгөчө көңүл бургула.

## Тема№1.4.

Сызыктар (штрихтер) аркылуу заттардын өңүнүн (тондук) көрүнүшүн, көлөмүн чагылдыруу.

*1.Штрихтер адегенде эле ойдогудай чийиле бербейт. Штрихтерди, алардын ыргагын жана көркөмдүк деңгээлин өздөштүрүү үчүн тынымсыз мээнет кылыш керек болот.*
*2. Штрихтерди берүүдө заттын көлөмү эске алынууга тийиш же б.а. штрихтердин багыттарын заттын фомасына жараша берүү керек*

1.Сүрөттү тартууда буюмдардын көлөмүн чагылдырууга өзгөчө көңүл бургула . *1.Заттын көлөмүн чагылдырууда жарык – көлөкө мыйзамын сөзсүз колдонуу зарыл (жарык, жарым көлөкө, көлөкө, рефлекс,түшүүчү көлөкө).*
*2.Заттын көлөмүн чагылдыруу процесси сүрөткердин образдык ой жүгүртүүсүн өстүрөт.*

2.Түрдүү штрихтерди иштеп колуңарды көндүргүлө, ар бир сызык максаттуу ой жүгүртүнүн натыйжасы болсун *1. Кыйгач штрихтер, кереге сымал штрихтер, бир багыттагы штрихтер, чекиттүү штрихтер , натуранын көлөмүнө, түрүнө жараша ар кандай штрихтерди колдонууга боло берет.*
*2.Ар бир сүрөтчү-дизайнер өзүнө мүнөздүү штрих-почеркин калыптандыруусу зарыл.*

## Тема№1.5.

Натюрморт (2-3 үй буюмдарынан турган композиция)

1.Жансыз заттардын сүрөттөрүн кагаз бетине туура жайгаштырып формасына жараша штрихтеп үйрөнгүлө *1.Сүрөттү этаптар менен ырааттуу тартканга аракет кылгыла. Адегенде кагаз бетине туура жайгаштырып, композициялык түзүлүшүн жөнгө салгыла. Кийинки баскычтарында ар бир предметтин графикалык түзүлүшүн талапка жараша түзүп чыгуу өтө маанилүү. Сүрөттөгү заттардын пропорциялары аныкталып, формасынын курулушу бүткөндөн кийин штрихтер менен жарык көлөкөнүн мыйзам ченемдүүлүгүнүн негизинде көлөмүн чыгаруунун үстүнөн иштейбиз. Студент достор силер штрихтерди берүүнүн техникалык өзгөчөлүгүн билүү үчүн өтө көп иштеш керек болот. Штрихтердин ыргактарын,коoздугун жана натыйжалуулугун өздөштүрүү ар бириңердин зарыл милдетиңер.Шилтемдерди канчалык көп жасасаңар,анын техникасын ошончолук бат үйрөнөсүңөр. Силерге чыгамачылык ийгилик!*

## Тема№1.6.

Натюрморттогу пландуулук жана жалпылуулук. (заттардын мейкиндиктеги жайгашуу абалы) 1.Ар кандай өлчөмдөгү тиричилик буюмдарынан турган татаал натюрморттун постановкасын биринчи, экинчи, үчүнчү жана кийинки пландарга жайгаштыруу менен иштеп көргүлө. *1.”Натюрморт” деген сөз француз тилинен которгондо “Мертвая натура”- жансыз натура дегенди түшүндүрөт. Кыргыз тилинде натюрморт-бул жансыз заттардын сүрөтүн тартуу дегенди билдирет. Натюрморт бул көркөм сүрөт нөрүндөгү абдан кызыктуу жана үйрөнчүктөр үчүн пайдалуу жанрлардын бири. Натюрмортту төрт баскычта ырааттуу аткаруу менен бирге композиция, пропорция, куруу, түзүү, форма, мейкиндик, перспектива,штрих,*

*өң ж.б.у.с. көптөгөн маселелер кездешет, натыйжада ар бир маселенин жөндөөгө туура келет. Мындан сырткары натюрмортту иштөө процессинде пландуулук деген түшүнүк бар. Пландуулук дегени - бизге жакын турган заттар биринчи пландагы, андан кийинки заттар экинчи жана андан аркылары кийинки пландагы заттар деп сүрөттөлөт. Кийинкилерине соң (фон) да кирип кетет. Алардын аралыктарындагы боштук - мейкиндик деп аталат. Натюрморттогу пландуулукта сызыктуу жана аба перспективаларынын мааниси чоң. Анткени биринчи планда чагылдырылган заттар кийинки пландагыларга караганда так жана даана иштелет. Натурадагы калган заттар жалпыланып, майда-чүйдө элементтери иштелбей деле калышы мүмкүн.*

**Тема№1.7.**

Заттын тегиздиктеги абалын чагылдыруунун айрым өзгөчөлүктөрү.( сынында шар, конус, цилиндр формасы жаткан буюмдардын сүрөттөрүн тегиздикке коюп тартуу)

1.Заттын тегиздиктеги абалын чагылдыруу үчүн сызыктуу перспективанын элементтерин колдонгула. *1.Фронталдык перспетива аркылуу турпаттын тегиздиктеги абалын абалын, пропорцияларын аныктагыла.*

*2.Натюрморттун пландуулугуна көңүл бургула жана горизонт сызыгы, келишүү чекиттери жөнүндө акыл калчагыла.*

2.Чайник, чыны, ваза, кумара ж.б.у.с. заттарды тегиздикте чагылдырууга аракеттенгиле.*1.Аттары аталган тиричилик буюмдарынын сүрөттөрүн тартууда алардын сырткы негизинде жаткан геометриялык формаларга байкоо жүргүзгүлө.*

*2. Тегиздиктин абалын горизонт сызыгынан төмөн алууга жана горизонталдык тегиздикке параллель жаткан беттерин сызыктуу перспективанын эрежелерине баш ийдирүүгө аракеттенгиле..*

**Тема№1.8.**

Чоң өлчөмдөгү буюмдардын сүрөттөрүн натурадан тартуу (чоң кумара, ваза ж.б.) *1.Чоң өлчөмдөгү тиричилик буюмдарынын сүрөттөрүн тартууда форматтын көлөмүн да чоңураак алганга аракет кылгыла. Анткени чоң өлчөмдөгү заттардын сүрөттөрүн тарттыруунун масаты - келечекте түрдүү заказдар, чыгармачыл эмгектер же дагы башка бир зарылчылыктар болушу мүмкүн. Ар түрдүү форматтарда иштеп көнүгүү үйрөнчүктүн көз өлчөмүнүн да тажрыйбасын арттырат.*

1.Чоң өлчөмдөгү буюмдардан постановка коюп сүрөтүн натурадан тартып көргүлө. *1.Постановканы төрт баскычта ырааттуу иштегиле.*

*2.Пропорцияларды аныктоодо чоң буюмдар менен кичинекй буюмдардын перспективалык айырмачылыктары бар.Ошол өзгөчөлүктөргө көңүл бөлгүлө.*

2.Сүрөт тартуу процессинде алардын түзүлүшүндөгү формаларды аныктагыла жана натюрморттун композициялык мазмунуна маани бергиле

*1.**Композиция**, бул-чогултуу, бириктирүү, токуу дегенди , жөнөкөй эле бириктирүү эмес, гармониялуу, жарашыктуу бириктирүү дегенди билдирет.*

*2.Ал эми мазмун философиянын тили менен айтканда, өзүнчө бир категория- **“форма жана мазмун”.** Постановка бул Форма - т.а. белгилүү бир заттардан турган сырткы көрүнүш, ал эми постановка үчүн коюлган буюмдардын өз ара байланышы, алардын белгилүү бир маанини түшүндүрүп турушу-бул мазмун.*

*3.Көркөм сүрөт өнөрүндө композициянын көркөмдүк түшүнүгү т.а. графикалык жактан жарашыктуулук жагы да басымдуу мааниге ээ.*

## Тема№1.9.

Алдынкы планга кичинекей, кийиинки планга чоң өлчөмдөгү заттарды жайгаштыруу. (Геометриялык формалар топтомунун сүрөтүн тартуу).

1.Куб, цилиндр, шар, пирамида, призма сыяктуу формалары бар тиричилик буюмдарынын топтомдорун ар кандай форматтарга иштеп көнүгүүлөрдү жасагыла.

**Тема№1.** Бурчтук перспективада куб формасындагы буюмдардын сүрөттөрүн натурадан тартуу1.постановканы тартуу процессинде анын түзүлүшүндөгү формаларды аныктагыла жана натюрморттун композициялык мазмунуна маани бергиле!

**Тема№2.** Архитектуралык декоративдик- орнаменттердин сүрөттөрүн 1.Түрдүү архитектуралык орнаменттер жөнүндө слайддарды же фото сүрөттөдү даярдагыла жана ага аналитикалык баяндама жазгыла Реферат

**Тема№3. Адамдын баш мүчөлөрү**:

Гипстен жасалган көздүн сүрөтүн тартуу. 1.Адамдын баш мүчөлөрүнүн сүрөттөрүн натурадан иштеп көнүгүүлөрдү жасагыла

**Тема№4.** Гипстен жасалган мурундун сүрөтүн тартуу. 1.мурундун пластикалык анатомиясынын көрүнүшүн жеңил сызыктар менен иштеп чагылдыргыла

**Тема№5** Гипстен жасалган кулактын сүрөтүн тартуу. 1.Натурадан кулактын сүрөтүн тарткыла.

2Кулактын түзүлүшүндөгү формаларды так аныктагыла жана пастановканын композициялык мазмунуна маани бергиле.

**Тема№6.** Гипстен жасалган мурун, ооздун сүрөтүн тартуу. 1.Натурадан ооз, кулак, мурун, көздөрдүн сүрөттөрүн тарткыла .

2. Шилтемдерди өтө көп аткаргылаө

**Тема№7.** Адам башын жөнөкөйлөштүрүп тартып үйрөнү. Кырдуу баш (Рубленная голова). 1.Адам башын кагаз бетине туура жайгаштырып, формасына жараша штрихтерди берип үйрөнгүлө .

**Тема№8.** Гипстен жасалган адам башынын сүрөтүн тартып. үйрөнүү. (Булчуңдуу баш) 1.Адам башынын сүрөттөрүн түрдүү графикалык материалдар менен,түрдүү аткаруу техникасында иштеп көргүлө

**Тема№9.**Сократ. 1.Адам башынын сүрөтүн ырааттуу тартуу, анын структурасы жөнүндөгү слайддарды даярдагыла.

2.Сократ жөнүндөгү илимий –теориялык маалыматтардын баяндамасын дардагыла.

**Тема№10**.Натурадан адам башынын сүрөтүн тартып үйрөнүү. 1.Күзгүдөн карап өзүңөрдүн автопортретиңерди иштегиле

2.Бир нече ирет шилтемдерди аткарып көргүлө.

**Тема№11.**Адам башынын сүрөтүн моюну менен кошо тартып көнүгүү. 1.Натурадан адам башынын сүрөттөрүн чеберчилик менен астейдил аткарганга аракеттенгиле.

**Тема№12.**Адам башынын сүрөтүн көкүрөгү менен кошо иштөө. 1.”Менин эң жакын адамым “ аттуу темага карата үй бүлө мүчөлөрүңөрдүн портреттерин иштеп көргүлө

**Тема№13.**Адам башынын шилтемдерин аткаруу. 1.Түрдүү графикалык каражаттар менен шилтемдер сериясын жасоону практикалагыла;2.Семестр ичинде аткарган иштериңерди анализдегиле

**Тема№14.** Жыйынтыктоочу портфолиолордун **презентациясы**1.Өз алдыңарча иштеген чыгармачыл эмгектериңерди жыйынтыктоочу портфолиоңорго жайгаштыргыла.

2.Презентацияңардын сценарийлерин кызыктуу даярдаганга аракеттенгиле